**АСИПОВА Н.**
*педагогика илимдердин доктору, профессор*
*(Кыргызстан)*

# ЖАНЫ СОЦИАЛДЫК-МАДАНИЙ ШАРТТАР ЖАНА МУГАЛИМГЕ КОЮЛГАН ТАЛАПТАР

**Түйүндүү сөздөр: социалдык шарттар, милдеттер, социалдык билим, билгичтик, гуманитардык технологиялар**

Тигил же бул коомдун өсүп-өнүккөндүгү ошол коомдогу мугалимдердин социалдык, экономикалык абалы жана алардын маданий деңгээли менен аныкталат. Анткени кеңири социалдык жана маданий көз караштан алып караганда, мугалим ошол коомдун мүчөлөрүнүн, ошол коомдун келечегин түзүүчү жаш муундардын ар тараптан өсүп-өнүгүүсүн, алардын мекенчил инсан катары калыптанышын, турмушта өз ордун таба билүүсүн камсыз кылуучу өтө маанилүү социалдык милдет аткара ала турган жана ал үчүн атайын даярдыгы бар адам жана адис болуп эсептелет.

Коом өзгөргөн сайын тек гана андагы экономикалык, маданий жана социалдык жагдайлар өзгөрбөстөн, улам жаңы муун пайда болуп жана ал жаңы муунду тарбиялай турган мугалимдердин жаңы мууну келиши закончөнемдүү көрүнүш.

Бүгүнкү күндүн мугалими ар кандай карама-каршы тенденциялар тогошкон доордо жашап жана иштеп жаткандыктан, анын коомдогу аткарган милдети, мугалимдик иштин мазмуну, өтө татаалдашып, көп кырдуу болуу менен коомчулук арасында ар кандай пикирлерди жаратууда.

Бир караганда, мугалимдин бүгүнкү коомдогу аткарган милдети солгундап, коомдо ээлеген орду түшүп бара жаткандай көрүнгөнү менен, экинчи жагынан алганда, анын өсүп келе жаткан муундарды коомдун активдүү мүчөсү, ар тараптан өнүккөн адам жана коомго багытталган жоопкерчиликтүү инсан катары жетилүүсүндөгү кеңеш-көмөк көрсөтүүчү милдеттери артып бара жаткандыгы байкалат.

Жалпысынан алганда, бүгүнкү күндүн мугалиминин социалдык абройунун төмөндөшү жалпы адамзат цивилизациясына мүнөздүү болгон илимий-техникалык прогресстин өсүшүнө, коомдогу маалыматтуулуктун күчөшүнө, информацияларды, билим булактарын ташуучу каражаттардын, технологиялардын күн санап өсүшү ж.б. факторлорго байланыштуу болсо, ошол эле мезгилде техникалык, технологиялык революциялар шартында жашаган балдардын акыл-эс жагынан эрте жетилиши, адамдардын бири-бирине болгон инсандык муктаждыгынын күчөшү, ар кандай глобалдык деңгээлдеги табигый жана социалдык кыйынчылыктарга туруштук берүү зарылчылыгынын өсүшү жана ага каршы туруу үчүн өз ара түшүнүчүлүккө, өз ара жардамдашууга, ачыкдүйнөдөгү тынчтыкты биргелешип сактоого дилгир, демократиянын шартында ийгиликтүү социалдаша ала турган келечек ээлерин жетиштирүү милдетин коет.

Бүгүнкү мугалимдин социалдык, инсандык, кесиптик милдеттериндеги жана мугалимдик ишмердүүлүктүн мазмунундагыкескин өзгөрүүлөржалпы эле билимдин барган сайын өзүнүн алгачкы агартуучулук милдетинен алыстап, турмуштук, өндүрүштүк, маданий талаптарга ылайык үзгүлтүксүз жаңыланып туруучу **куралга, каражатка** айланып бара жаткандыгы менен түшүндүрүлөт. **Мындай шартта мугалимдин билим ташуучулук, билим берүүчүлүк функциясы төмөндөп, анын кеңеш берүүчүлүк, даанышмандык, жол көрсөтүчүлүк, башкача айтканда, анын атайын даярдыгы бар адис жана инсан катары үлгү көрсөтүүчү милдеттери актуалдашат**.

Компьютердик жана башка информация ташуучу технологиялардын пайда болушу мугалимди көптөгөн тажаткан рутиналык түйшөктөрдөн куткаруу менен, ошол эле мезгилде окуучулардын өз алдынча билим алуу мүмкүнчүлүгүн арттырууда. Мындай

шартта мугалимдин иш аракети окуучуларды керектүү маалыматтарды тез убакытта таба билүүгө, алынган маалыматтарды анализдей билүүгө, аларды ар кандай таанып-билүү жана башка шарттарда пайдалана билүүгө үйрөтүү сыяктуу кеңеш берүүчүлүк, жол көрсөтүүчүлүк (консультативдик) милдеттер менен коштолот.

Бирок, кандай гана өнүккөн коом болгондо дагы, адам баласынын инсан катары жетилүүсүн, өзгөчө анын алгачкы билим жана социалдык тажрыйбасынын калыптанышындагы биринчи кадамдарын маданияттуу, кесиптик жактан кеңири маалыматтуу, терең билимдүү, психологиялыкжактан жагымдуу мугалимдин жетектөөсүз элестетү мүмкүн эмес.

Мунун өзү өнүккөн коом мугалимдин алдына келечек ээлерин жетиштирүүдө улам татаалдашкан, улам жаңыланган, улам көп кырдуу талаптарды жана милдеттерди коет дегендикти билдирет. Андай талаптарды жалпылаштыра турган болсок, бүгүнкү мугалимдин алдында негизинен **эки деңгээлдеги милдеттер** келип чыгат. **Биринчиси** – мугалимдин алдындагы **жалпы социалдык-маданий милдеттер,экинчиси -** мугалимдин алдындагы **накта педагогикалык же дидактикалык милдеттер**. Аталган милдеттер (шартка карай бир аз ыңгайлашуу менен) билим берүү тармагында алектенген, өзүн мугалим, окутуучу, тарбиячы деп эсептеген бардык педагогикалык кесиптин ээлерине мүнөздүү.

Бүгүнкү мугалимдин алдындагы **соцалдык-маданий милдеттердин татаалдашына**, алардын келип чыгышына түрткү болуучу кеңири социалдык маанидеги факторлордун ичинен төмөнкүлөрдү атап кетсек болот:

- XX кылымдын ортосунда пайда болуп, XXI кылымда андан ары күч алып бара жаткан постиндустриалдык коомдун талаптарына ылайык ал коомдо жашап, иштеп өз ордун таап кете ала турган чыгармачыл, ар кандай шарттарга тез ыңгайлаша ала турган ийкемдүү, жаратуучу инсандарды калыптандыруу зарылчылыгы;

- илимий-техникалык прогресстин өсүшү, информациялык коомдун күч алашы, илимий маалыматтардын, билимдин тездик менен эскириши жана анын натыйжасында үзгүлтүксүз (өмүр бою) билимдин жана инновациялык жаңылануу талабынын күч алышы;

- үзгүлтүксүз билим жана жаңылануу талаптарына шайкеш келген жана өз алдынча билим алууга, өзүн-өзү кесиптик ж.б. жактан өркүндөтө ала турган инсандарды калыптандыруу;

- базар экономикасынын талаптарынан келип чыккан билим жана кесиптик таймашка, конкуренцияга туруштук бере ала турган жалпы билим жана кесиптик комптенттүүлүгү жогору болгон инсандарды жетиштирүү;

- көп улуттуу, демократиялык коомго багыт алган, глобализация шартына шайкеш келген жана ошол эле мезгилде мекечил, дүнүйөгө ачык гуманист инсандарды калыптандыруу;

- ачык коом шартындагы мугалим тарабынан коомчулукка көрсөтүлүүчү социалдык кызматтардын мазмунун өсүшү жана технологияларга болгон талаптардын күч алышы ж.б. ушул сыяктуу кеңири маанидеги социалдык милдеттер алдыга чыгат.

Ал эми ушул сыяктуу социалдык милдеттердин окуу-тарбия иштеринде кандайча ишке аша тургадыгына көз чаптырсак, бүгүнкү мугалимдин алдында турган накта педагогикалык же дидактикалык милдеттердин тизмеги келип чыгат. Андай **дидактикалык жана өнүктүрүүчүлүк милдеттердин ичине:**

- чыгармачыл инсанады калыптандыруу талабына жооп бере турган билимдин, ар бир сабактын мазмунун аныктай билүү;

- чыгармачыл инсанады калыптандыруу талабынан келип чыккан окутуу процессинде креативдүүлүктү камсыз кылуучу, өнүктүрүүчү жана инновациялык технологияларды колдоно билүү;

-гуманистик принциптерге таянууун негизинде ар кандай мүмкүнчүлүктөрү менен айырмалаган балдар (акылы тунук, зирек балдар, табигый мүмкүнүчүлүктөрү чектелген

балдар, жүрүм-турумунда жетишпестиктери бар балдар, гипер активдүү балдар, индиго балдар, эмокиддер ж.б.) менен инклюзивдик таалим-тарбия иштерин алып баруу;

- өсүп келе жаткан балдардын ден соолук жактан туура калыптанышына көмөктөш болуу менен өмүр коопсуздугун, экологиялык шарттарды, билим чөйрөсүндөгү психологиялык жагымдуу климатты, өз ара кызматташтыкты камсыз кылуу;

- билим берүү, окутуу процессиндеги жаңы технологияларды колдонуу менен билим натыйжасындагы компетенттүүлүктү камсыз кылуу ж.б. орчундуу милдеттер кирет.

Жаңы социалдык-экономикалык шарттар жана мугалимге коюлган милдеттер жөнүндө сөз кылып жатып, бүгүнкү технократиялашкан доордо мугалимди башка кесип ээлеринен айырмалап жана анын кесиптик ишинин табиятына шайкеш келген нукура социалдык-маданий милдеттеринин актуалдашуусун байкоого болот. Андай социалдык-маданий иш-аракеттерди мугалимдин инсан жаратуучулук милдети деп атасак болот. Себеби, инсандагы адамкерчилик сапаттарды, ал инсандан, инсандык маданияты боюнча жогору турган гана инсан жарата алат. Ал эми кайсы гана коом болбосун эң жогорку адамкерчилик сапаттарды алып жүрүүчүлөрдүн биринчи катарында мугалим турат. Мугалим иснан тарабынан өздүк социалдык тажрыйбаны топтоодо, адамзат тарабынан топтолгон социалдык жана маданий тажрыйбаны, субъект-субъектик карым-катнаш маданиятты өздөштүрүүдө ортомчулук милдет аткарып келет [1, 55].

Мугалимдерге карата болгон мындай социалдык жана инсандык талаптардын күчөшү, информациялык технологиялар шартында мугалимдин билим ташуучулук функциясынын төмөндөшү менен түшүндүрүлөт. Ошол эле мезгилде коом алдыга жылган сайын мындай билим ташуучу, билим берүүчү технологиялардын өсүшү жана адам мүмкүнчүлүктөрүнүн арта бере турганы шексиз. Андыктан бүгүнкү коомдогу, бүгүнкү мугалимдин артыкчылыгы анын өздүк инсандык дарамети, өздүк абройу (анын ичинде кесиптик абройу дагы жатат), башка инсандарга карата инсандык таасирдүүлүгү менен аныкталат. Мындай ишенимдин негизинде кандай гана ишмердүүлүк болбосун, ал иштин натыйжасы адамдар арасында мамилелерге байланыштуу болуп, алардагы социалдуулуктун өсүп бара жаткандыгы менен түшүндүрүлөт. Турмуш көрсөткөндөй ар кандай экономикалык, өндүрүштүк, бизнестик ж.б. проблемалардын ийгиликтүү чечилиши ошол иш-аракетке тартылган адамдар арасындагы мамилелерге, алардын социалдык, психологиялык жактан даярдыгына байланыштуу болуп, адамдардан диалогго ачыктык, мамиле түзө билүүчүлүк сапаттарды, же атайын социалдык компетенттүүлүктү талап кылып жаткандыгын көрөбүз. Бул болсо, өнүккөн коом тарабынан мугалимдик кесипке болгон муктаждыкты шартточу негизги талаптардын ичинде анын социалдык компетенттүүлүгү биринчи орунга чыгат деген ойду бекемдейт. Изилдөөчү А.К. Маркованын пикиринде андай социалдык компетненттүүлүктүн мазмунуна коомдогу этикалык жана укуктук эрежелерди жаштарга жеткирүү, адамдар арасындагы ар кандай карым-катнаш проблемаларын чечүү, андай мамилелердге позитивдүү таасир көрсөтүү, өсүп келе жаткан муунду жаңы шарттарга карата социалдашуусунда көмөкчү болуу ж.б. кесиптик билимди жана социалдык, психологиялык даярдык сыяктуу талаптар кирет. Мунун өзү постиндустиралдык коом жалаң гана өнүккөн технологиялага муктаж болбостон өнүккөн адамкерчилик мамилелерге дагы муктаж экендигин билдирет. Учурдагы педагогдордун социалдык милдеттеринин күчөшү жөнүндөгү ойлор Асипова Н.А., Байденко В.И., Зимняя И.А., Маркова А.К. ж.б. эмгектеринде сөз болсо,экономист М. Делягиндин «Глобализация тажрыйбасы: жаңы замандын оюндары жана эрежелери» деген китебинде **high-hume** деген табышмактуу термин пайда бологдугу жөнүндө айтылат. Бул түшүнүктүн артында инсандын аң сезимине максаттуу таасир тийгизүү менен коомдук процесстерге кийлигишүүгө боло тургандыгы жөнүндө сөз болот. Муну менен **high-tech** түшүнүгүнүн каршысында **high-hume** түшүнүгүнүн келип чыгышына күбө болобуз жана бүгүнкү ашкере технократиялашкан, ашкере коммерцияланышкан, социалдык жактан ашкере ажырымга дуушар болгон коомдук мамилелер жогорку

деңгээлдеги адеап-ахлактыкка негизделген гуманитардык технологияларга муктаж экендигин далилдейт. Жогорку гуманитардык мамилелерди тарбиялоо милдети барып келип эле биринчи иретте мугалимге жүктөлөт. Мындан улам мугалимдер үчүн өсүп келе жаткан муунду ар кандай карым-катнаштарда өз ара сыйлоо, урматтоо, диалогго ачыктык жана макулдашууга бара билүү, сабырдуулук (толерантность), адамкерчилик, кайрымдуулук ж.б.у.с. жогорку гумандуулукка, кызматташтыкка үйрөтүү максатында мугалимдин өзүнүн инсандык, гуманистик фонду менен бөлүшө билүү технологияларына ээ болуу милдети артып бара жатат.

Демек, бүгүнкү Кыргызстандын шартында иштеп жаткан мугалимдердин социалдык-маданий милдеттеринин ичинде келечектеги муундарды демократиялык коом шартындагы карым-катанаштарга даярдоо маселеси өзгөчө педагогикалык мааниге ээ болуп турат.

Белгилүү болгондой кеңири маанидеги демократия коомдук мамилелерде, жашоо тиричиликте ар кандай көп түрдүү жолдордон өзүнө ылайыктуусун тандап алуу дегендикти билдирет. Андай көп жолдордун ичинде социалдык, укуктук, адеп-ахлактык, эмгектик ж.б. шарттарда өз жолун, өз багытын тандап алуу шарты турат (Чудинова Г.А.). Демократия шартындагы социалдык карым-катнаштарды калыптандыруу өтө татаал маселелерден болуп саналат, себеби тарыхыбыздагы бир талап, бир идеология, бирдей философия, бирдей көз карашатын узак убакыт бою өкүм сүрүшү генетикалык түрдө көптөгөн муундарды тандоо мүмкүнчүлүгүнөн кур жалак калтырган. Ал эми бүгүнкү күндөгү Кыргызстанда кеңири кулач жайып бара жаткан демократиялык көрүнүштөр жаштарды ар дайым өз жолун тандай билүүгө (керек болсо адеп-ахлактык) үйрөтүү маселесин актуалдаштырып жатат. Бул көз караштан алганда бала ар дайым тандоо мүмкүнчүлүгү боло тургандыгын жана анын тандоосу башкалардын укук жана башка мүмкүнчүлүктөрүн чектебеши же зыян келтирбеши керек экендигин түшүнүшү зарыл.

Ошондой эле маанилүү социалдык милдеттердин ичинде көп улуттуу Кыргызстандын шартында улуттар аралык мамилелердеги толеранттуулукту калыптандыруу маселеси жатат. Гуманистик мамилелердин эң орчундуу көрсөткүчү болуп эсептелген толеранттуулук улуттар арасындагы айырмачылыктарга, жалпылыктарга, маданий жана социалдык жетишкендиктерге жана жетишпестиктерге, инсандык жана улуттук өзгөчөлүктөрөгө, күнүмдүк мамилелердеги проблемаларда көтөрүмдүүлүккө, сабырдуулукка, токтоолукка, кең пейилдикке, кечиримдүүлүккө ж.б. негизделген мамилелерди калыптандырууну талабын коет.

Жогоруда белгиленгендер бүгүнкү күндөгү мугалимдин алдында заман талабынан келип чыккан объективдүү кыйынчылыктаржана аларды жеңе билүү максатында заманбап милдеттер тургандыгынан кабар берет.

Ошол эле мезгилде бүгүнкү мугалимдин ишине түзөдөн-түз таасир көрсөтүүчү кесиптик кыйынчылыктардын ичине жаны экономикалык, социалдык, педагогикалык, технолодогиялык шарттарда пайда болгон жаңы доордун балдарынын психологиялык өсүп-өнүгүшүнө байланыштуу кыйынчылыктар кирет. Жаңы доордун балдарына билим берүү жана тарбиялоодогу педагогикалык ишмердүүлүктө кездешүүчү кыйынчылыктарга:

- окутуу программаларынын өтө тездик менен алмашуусу - 59%;
- окуучулардын окуу жүктөрүнүн көптүгү - 85%;
- билим сапатынын төмөндүгү - 48%;
- мектеп шартынан келип чыккан кыйынчылыктар - 65%;
- мектеп окуучуларынын арасындагы конфликтер жана балдардын өмүр коопсуздугун камсыз кылуу проблемалары - 65% ж.б. кирет [4, 55]. Мунун жанында заманбап билим берүүгө жетишеерлик кесиптик дидактикалык даярдыктын төмөндүгүнөн келип чыккан кыйынчылыктарга:

- психологиялык даярдыктын жана педагогикалык маданияттын төмөндүгү;
- чакан топтор арасына таанып-билүү процессин жана алакаларды уюштура билүү кыйынчылыктары;

- окуу-тарбия иштерин илимий негизде долборлоо жөндөмдүүлүктөрүнүн төмөндүгү;

- сабакты жүргүзүүнүн заманбап технологиялыры жана инновациялык колодонуудагы кыйынчылыктар;

- билим чөйрөсүндөгү карым-катнашатардан, мамилелешүүдөн келип чыккан кыйынчылыктар;

- учурдагы балдардын өсүп-өнүгүүсүнө мүнөздүү социалдык, физиологиялык, психологиялык өзгөчөлүктөрдү үйрөнүү, же диагностикалоо сыяктуу кыйынчылыктар ж.б. кирет.

Аталган кыйынчылыктарды жеңүү жана учурдагы социалдык милдеттерди чечүү үчүн мугалимдердин жаңы муунун даярдоо зарылчылыгы туулат. Андай жаңы муундун мугалимдерине мүнөздүү кесиптик критерийлердин ичинде мугалимдин дидактикалык компетенттүүлүгүнүн жанында анын социалдык, психологиялык компетенттүүлүгү биринчи орунга чыгары шексиз. Ошентп, бир жагынан демократиянын кулач жайышы, социалдык ажырымдардын күчөшү, ички жана тышкы миграциянын күч алышы, экинчи жагынан илимий-техникалык прогресстин натыйжасында информациялык технологиялардын, билим каражаттарынын дүркүрөп өсүшү бүгүнкү мугалимден кесиптик жактан тынымсыз өсүп-өнүгүүнү жана коомдо социалдык кызмат аткаруучулук милдеттеринин күч алышын шарттайт.

**АДАБИЯТТАР:**


1. Асипова Н.А. Социально-педагогическая компетентность будущих педагогов. Высшее образование Кыргызской Республики. № 3, 2011. – с. 28-32.
2. Делягин М. Практика глобализации: игры и правила новой эпохи. М.: Инфра – М., 2000.
3. Зимняя И.А. Компетентностный подход (теоретико-методологический аспект). Высшее образование сегодня. № 8, 2006. - с. 20-26.
4. Рубцов В.В. Психолого-педагогическая подготовка педагогических кадров для новой школы. Педагогика, № 5, 2010. с. 55-59.
5. Чудинова Г.А. Проблемы адаптации выпускников школы к демократическим преобразованиям. Педагогика, № 3, 2007. –с. 29-34.